Кировдуктардын демилгесине ар тараптан колдоо керек

Киров атындагы колхоздун механизаторлору жана инженер-техникалык кызматкерлери өз чогулушунда айыл чарба техникасын 1988-жылдын жазгы - талаа жумуштарына өз учурунда жана сапаттуу даярдоо маселесин талкууласты. Алар талаалардын продуктуулугун жогорулатуу боюнча дыйкандардын милдеттерин так белгилеген КПСС БКнын катын бир добуштан жактырышат. Анда азыркы мезгилде дыйканчылыктын продуктуларын өндүрүүнүн өсүш темпин көбөйтүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөндүгү айтылат. Мында 1988-жыл бурулуш болушу керек, ал бүтүндөй беш жылдык планды аткаруу үчүн аныктоочу мааниге ээ.

Чогулушка катышкандардын сүйлөгөн сөздөрүндө кыртыштын асылдуулугун жакшыртуу, интенсивдүү технологияны өздөштүрүү, механизатор кадрлардын устаттыгын өстүрүү боюнча туруктуу күрөштүн зарылчылыгы жөнүндө сөздөр айтылды. Колхоздун механизаторлору беш жылдыктын үчүнчү жылынын жазгы - талаа жумуштарына айыл чарба техникасын өз учурунда даярдоону камсыз кылууну чечишти.

Чогулушта техниканы өз убагында жана сапаттуу ремонттоо боюнча райондун бардык механизаторлоруна жана инженер-техникалык кызматкерлерине кайрылуу кабыл алынды.